**13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Курманалиева Рахат Акбалаевнанын “Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дуйнөлүк адабият сабагынын мисалында)” аттуу темадагы диссертациялык изилдөөгө**

# ПИКИР

Изилдөөнүн актуалдуулугу азыркы коомдо болуп жаткан интеграция жана модернизациялоо процесстери билим берүү системасын гумандаштыруу, демократиялаштыруу, санариптештирип окутуу проблемаларынын контекстинде негизги багыттарынын бири мугалимдерди сапаттуу даярдоо болуп саналат.

Заманбап билим берүү системасынын негизги милдеттеринин бири – болочок адистерди жогорку деңгээлдеги кесиптик даярдыкка гана ээ кылбастан, алардын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу.

Диссертацияда  каралган актуалдуу маселелер: болочок мугалимдин инсандык жактан өсүшүн камсыз кылуу, кесиптик компетенцияларын сапаттуу даярдоо, болочок адисти адамгерчилик принциптеринин негизинде калыптандыруу жана коомдун өнүгүүсүнө салым кошо алган инсанды өнүктүрүү ж.б.өзгөчө мааниге ээ.

Изилдөөнүн объектиси – кесиптик колледждердин билим берүү процесси.

Изилдөөнүн предмети - кесиптик колледжде студенттердин адеп-ахлактык сапатарын калыптандыруунун илимий негиздери.

Изилдөөнүн максаты – кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктап, анын эффективдүү ишке ашырылышы үчүн илимий негиздерди иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн методдору: болочок мугалимдерди даярдоонун концептуалдык ыкмаларын анын ичинде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу проблемасын изилдөө; орто кесиптик

колледждерде болочок мугалимдердин адеп - ахлактык сапаттарынын негиздерин талдоо; маалыматтарды, изилдөөнүн жыйынтыктарын, анкеталарды талдоо үчүн статистикалык аспектилерди колдонуу; орто кесиптик колледжде моралдык сапаттарды калыптандыруу процессине ар кандай ыкмалардын натыйжалуулугун талдоо үчүн статистикалык методдорду колдонуу ж.б.

Диссертациялык иштин жүрүшү жана жыйынтыктары: Эл аралык Кувейт университетинин илимий-методологиялык семинарларында, кафедра жыйындарында, эл аралык, республикалык илимий-практикалык конференцияларда (2019 - 2024 жылдар) талкууланды. Автор тарабынан иштелип чыккан сунуштар Кыргызстанда жана коңшу мамлекеттерде педагогикалык, илимий-методикалык журналдарына жарыяланган макалаларда чагылдырылды, жалпы макалалардын саны - 8, арасынан бир макала Скопус журналга берилген жана КУУнун Жарчысы, Кыргызстандын илим, жаны технологиялары жана инновациялары, Кыргызстан ЖОЖдорунун Кабарлары аттуу журналдарга жарыяланган.

Диссертациялык ишти аткарууда изилдөөчү өзүнүн илимий жактан активдүлүгүн көрсөтө алды: ал кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын дүйнөлүк адабият окуу курсунун мисалында калыптандыруунун теориялык жоболорун иштеп чыкты, заманбап орто кесиптик окуу жайларында студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын дуйнөлүк адабият окуу курсунун мисалында калыптандыруунун модели, педагогикалык шарттары негизделди. Андан тышкары болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын дүйнөлүк адабиятты окуу курсунун мисалында калыптандыруунун алгылыктуу дидактикалык жана тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн сунуштады жана кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын дуйнөлүк адабият окуу курсунун негизинде калыптандыруусун ишке ашыруу максатында «Заманбап мугалим жана анын адеп-ахлактык дүйнөсү» аттуу атайын окутуучу программасы, студенттерге

программасы, студенттерге сунушталган компьютер технологиясы жана интерактивдүү тактай менен иштей турган окуу иштелмелерди сунуштады.

13.00.08 – Кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методологиясы боюнча педагогикалык илимдердин кандидаты даражасын алуу үчүн Курманалиева Рахат Акбалаевнанын “Кесиптик колледждерде студенттердин руханий адеп-аклактык сапаттарын калыптандыруу” (Дүйнөлүк адабият предметинин мисалында) аттуу темадагы диссертация КР УАК талабына жооп берет жана коргоого сунушталат.

**Илимий жетекчи:**

**педагогика илимдин доктору, профессор** **Раимкулова А.С.**

Кол тамгасын тастыктайм:

КБ башчысы Н.Т. Курманаева